# Дидактика

№15(42) сентябрь, 2025-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити




## КЫМБАТТУУ СТУДЕНТТЕР! СИЗДЕР – ОШМУНУН ЖҮРӨГҮ, КЕЛЕЧЕГИСИҢЕР.

## БИЛИМГЕ БОЛГОН УМТУЛУУҢАР ТОКТОБОСУН!

### *ОшМУнун ректорунун 2025-2026-окуу жылына карата кайрылуусу*

***2025-2026-окуу жылына карата Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамына жана студенттерине ректордун кайрылуусу***

***Урматтуу агай-эжелер, ардактуу устаттар, кесиптештер жана сүйүктүү студенттер! Гимназия-лицейлердин жана мектепке чейинки билим берүү борборлорунун кымбаттуу окуучулары!***

***Сиздерди өлкөбүздүн Эгемендүүлүк майрамы жана ага удаа келген Билим күнү менен чын жүрөктөн куттуктайм!***

***Жаңы 2025–2026-окуу жылы ар бирибиз үчүн ийгиликке, жетишкендикке толгон, берекелүү жыл болсун!***

Быйыл дүйнөлүк деңгээлге чыгууга бел байлаган университетибиз эл аралык абройлуу QS рейтингинде Азияда 260-орунду багындырып, Орто Азияда эң мыкты 13 университеттин катарына кошулду. QS Stars Эл аралык университеттер рейтингинде 4 жылдызга ээ болду. Бул жетишкендик жамаатыбыздын эмгегинин, өсүүгө болгон умтулуубуздун жыйынтыгы. Окуу жайыбыз күн сайын жаңыланып, 4-муундагы университетке айланууда.

ОшМУ Өзгөчө макам алгандан тартып университеттин окуу процесси агымдык мамиле менен кредиттик технологиянын принциптерине ылайык уюштурулду. Студент менен келишим 1 кредиттин баасына карата түзүлдү. Студенттин окуусу анын семестрге катталуусу, окуу дисциплиналарга жазылуусу менен тандаган жекече окуу планына ылайык жүргүзүлдү. Аны сиздер жаңы окуу жылында толук сезесиздер деп ишенем.

Сөзүбүздү жаңылыктардан баштасак, Министрлер кабинетинин төрагасынын тапшырмасына ылайык 2025-жылдын 5-июнунда Ош шаарындагы Ош курулуш колледжи жана Ош айыл чарба колледжи ОшМУнун карамагына алынды. Ошондой эле Ош шаарында 140 орунга ылайыкташкан ОшМУнун "Ыйман" балдар бакчасы ачылып, пайдаланууга берилди.

Сиздер билгендей өлкөдө алгачкылардан болуп ОшМУ электрондук окууга, санариптик тейлөөгө өткөн. Абитуриент окууга тапшыргандан тартып, диплом алганга чейинки кыймыл-аракеттер санариптештирилди. Университеттин програмисттери тарабынан иштелип чыккан "My edu" платформасы окуу процессин толук түрдө санариптештирип, ийкемдүү, ыңгайлуу тиркемеге айланды. Бул окуу жайдын чоң ийгилиги деп эсептейбиз.

Жыл ичинде 30дан ашуун эки тараптуу кызматташуу келишимдерине, 20дан ашуун кош дипломдуулук боюнча программаларга кол коюлду. Учурда 22 адистик боюнча кош дипломдуулук программалары ишке ашууда. Аталган программалар боюнча 12 магистрант окуусун ийгиликтүү аяктап, кош дипломго ээ болушту.

Өндүрүштүк университетке айланууга чоң кадамдар ташталууда. Учурда окуу жайда Кытайдын Jiangsu Huibo Robotics компаниясы менен биргеликте ачылган «Келечек муундун ХАБы» робототехника борбору иштеп баштады. Ветеринардык клиника ветеринардык кызматтардын бардык түрлөрүн камтууда. *(уландысы 2-бетте)*

## АКШНЫН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛЧИСИ ЛЕСЛИ ВИГЕРИ ОШМУДА БОЛДУ

6-сентябрда АКШнын Кыргызстандагы элчиси Лесли Вигери Ош мамлекеттик университетине келди. Ал окуу жайдын "Борбордук Азия спутниктен талдоо жана аралыктан зонддоо" борбору менен таанышты.

Иш-чарага ректор Кудайберди Кожобеков баштаган жетекчилер, окумуштуулар, илимий кызматкерлер катышты.

Профессор Ысламидин Ташполотов "Өндүрүштүк калдыктардан критикалык элементтерди бөлүп алуу технологиясы" боюнча баяндама жасады. Бул багытта борбордун илимий мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу жолдору талкууланды. Ал эми профессор Эркин Мирмахмудов "Фергана өрөөнүндөгү аймактарда геодезия жана рельефти санариптик моделдөөдө маалыматтарын колдонуу" тууралуу илимий маалымат берди.

Бул жолугушуу АКШ менен Кыргызстан ортосундагы илимий-техникалык кызматташууну бекемдөө, Борбор Азия чөлкөмүндөгү актуалдуу маселелерди биргеликте изилдеп, келечектеги долбоорлорду ишке ашыруу максатында уюштурулду. Жолугушуунун соңунда элчи университеттин жетекчилигине ыраазычылык билдирип, мындай илимий борборлор Борбор Азия аймагындагы санариптик өнүгүүгө чоң салым кошо аларын, биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга америкалык компаниялар да кызыктар экендигин белгиледи.



Иш сапардын алкагында "Келечек муундун ХАБы" борборунун ишмердүүлүгү менен таанышты.

"Борбордук Азия спутниктен талдоо жана аралыктан зонддоо" борбору университеттин "Келечек муундун ХАБы" борборунун базасында орун алган. Анда спутниктин негизинде маалыматтар чогултулуп, илимий изилдөөлөр жүргүзүлөт. Учурда Америка, Жапония, Кытай, Корея жана Европа өлкөлөрүнүн 25тен ашуун белгилүү спутник агенттиктери менен кызматташуу жүрүүдө. Ошондой эле аталган жай дүйнөлүк борборлор менен чогуу илимий иш-чараларды алып барат.

## БИШКЕКТЕ AI ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНА БАСЫМ ЖАСАГАН «СТАРТАП-УЛУТ» ХАКАТОНУ ӨТТҮ

22-28-сентябрда Бишкекте «Стартап-Улут» хакатонунун бешинчи юбилейлик иш-чарасы — Startup Nation WEEK Hackathon өтөт. Бул жолу иш-чара жаңы форматта уюштурулуп, катышуучуларга жасалма интеллект (AI) технологияларын салттуу бизнес-процесстерге интеграциялоо мүмкүнчүлүгү сунушталат.

Катышуучуларды эмне күтөт?

Эң көп колдонулган AI куралдарын үйрөнүү (ChatGPT, Midjourney, Notion AI ж.б.);

Өз идеяларынан MVP түзүү;

AIди бизнеске жана окуу долбоорлоруна колдонуу;

АУЦАда Demo Dayге чыгып, сыйлыктарды утуп алууга жана Silicon Valley'ге жолдомо алууга мүмкүнчүлүк ачылат.

Каттоо 15-сентябрда аяктайт. Катышуу үчүн ОшМУнун Бизнес паркына кайрылыңыздар. (Тел: 0503440705).

Бул хакатон — IT жана AI чөйрөсүндө өзүн сынап көрүүнү каалаган жаштар жана стартаптар үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк. Катышып, идеяларыңызды ишке ашырууга жана эл аралык деңгээлге чыгууга жол ачыңыз!

## *ОшМУнун ректорунун 2025-2026-окуу жылына карата кайрылуусу*

(башталышы 1-бетте)

Токио медициналык университети менен ОшМУ абанын булганышын изилдөө долбоорун ишке ашырууда.

2025-жылы ОшМУнун медициналык клиникасында бөйрөк алмаштыруу операциясы ийгиликтүү жасалды. Университеттин медициналык клиникасы учурда Кыргызстанда сейрек кездешүүчү медициналык жабдуулар менен жабдылган. Операциядардын бардык түрү жасалууда. Ош шаарынын эски ооруканасынын ордуна заманбап окуу жайдын 7 кабаттуу медициналык клиникасынын курулушу кызуу жүрүүдө.

Спорт жаатында студенттер үчүн 30дан ашуун спорттук секциялар иштеп, кесипкөй волейбол, кичи футбол, футбол командалары түзүлүп, өлкө чемпиондугун коргоп келишүүдө. Кесипкөй "ОшМУ" футбол клубу өлкөдөгү жогорку окуу жайынан түзүлгөн жалгыз клуб экенин баса белгилегим келет. Дагы бир жагымдуу жаңылык, Кыргыз Республикасынын футбол федерациясы тарабынан окуу жайга 7 га жер тилкеси бөлүнүп берилди. Алдыда заманбап футбол аянтчасы, спорт комплекси куруу пландалууда. Университет бир гана билим бербестен, өлкөдөгү спорттун өнүгүшүнө зор салым кошуп жатат десем жаңылышпаймын.

Акыркы жылдары ОшМУда 30дан ашуун окуу корпустары, жатаканалар, башка имараттар оңдолду. Мындай курулуштар окуу жайдын гана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтпестен, Ош шаарынын архитектуралык облигине жаңыча көрк кошууда.

Студенттерибизге стимул берүү максатында ар жыл сайын тандалып алынган эң мыкты студенттерге Президенттик стипендия, ар жылы 10 студент 1200$ өлчөмүндө "Атуулдук стипендия" жана Окумуштуулар кеңешинин стипендиясын алышат. Албетте, бул ийгиликтеп сиздердин чоң турмуш жолундагы алгачкы ийгилигиңиздер болуп кала берет.

Кымбаттуу студенттер! Сиздер – ОшМУнун жүрөгү, келечегисиңер. Билимге болгон умтулууңар токтобосун. Студенттерибиз дүйнөлүк университеттерде академиялык мобилдүүлүк программалары аркылуу билим алып, тажрыйба топтоп жатышат. Бул мүмкүнчүлүктөрдүн эшиги жаңы окуу жайдын кадамын аттап жаткан Сиздер үчүн ачык.

Ардактуу кесиптештер! Биздин бийик максатыбыз – билим сапатын арттырып, дүйнөлүк стандарттагы 4-муундагы университетке айлануу. Алдыда дагы чоң мүмкүнчүлүктөр турат. Коюлган максаттарга жетүү үчүн бирдиктүү аракет, тынымсыз изденүү жана жаңыланууга даяр болуу бүгүнкү күндүн негизги талабы.

Ар бириңиздерге үй-бүлөлүк ырыскы-бакыт, бекем ден соолук, жамаатыбызда ынтымак-ырашкерлик каалайм.





Кудайберди КОЖОБЕКОВ,ОшМУнун ректору, профессор.

## ОШМУНУН РЕКТОРУ ДҮЙНӨ ЧЕМПИОНУ ЖАНТӨРӨ МИРЗАЛИЕВДИ КАБЫЛ АЛДЫ



Ош мамлекеттик университетинин ректору Кудайберди Кожобеков 9-сентябрда окуу жайдын студенти, грек-рим күрөшү боюнча 67 килограмм салмакта дүйнө чемпиону Жантөрө Мирзалиевди кабыл алды.

Спортчу менен бирге Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын башчысы Айбек Камалов жана тренери Сулайман Миңбаев келди. Кожобеков Мирзалиевди жеңиши менен куттуктап, анын жетишкендиги университеттин жамааты үчүн чоң сыймык экенин белгиледи. Ошондой эле окуусунда жеңилдиктер каралары кошумчалады.

Жантөрө Мирзалиев 17-24-август күндөрү Болгариянын Сомаков шаарында өткөн грек-рим күрөшү боюнча U-20 өспүрүмдөр арасындагы Дүйнө чемпиондугунда алтын медаль тагынган. Муну менен ал Кыргызстандын тарыхында алтынчы болуп дүйнө чемпиону аталды.

20 жаштагы Мирзалиев Ош облусунун Өзгөн районундагы Чымбай айылында төрөлгөн. Ал 2022-жылы 17 жашка чейинкилер арасында өткөн Азия чемпиондугунда алтын медаль уткан. 2023-жылы Иорданиянын Амман шаарындагы Дүйнө чемпиондугунда күмүш медаль тагынса, 2025-жылы Бишкекте өткөн Азия чемпиондугунда 1-орунду камсыз кылып, Азия чемпиону аталган.

Жантөрө Мирзалиев учурда ОшМУнун Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун дене тарбия адистигинде билим алат.

## ОШМУ МЕНЕН НАМАНГАН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ КЫЗМАТТАШУУНУ ЖАҢЫЛАЙТ




8-сентябрда Наманган мамлекеттик университетинин ректору Абдугаффар Кыргызбаев иш сапары менен Ош мамлекеттик университетине келди.

Жолугушууда археология, чет тилдер, айыл чарба жана ветеринария тармактарында биргелешкен билим берүү программаларын өнүктүрүү, кош дипломдуулук мүмкүнчүлүктөрүн түзүү маселелери талкууланды. Ошондой эле студенттердин жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн кеңейтүү боюнча сүйлөшүүлөр болду.

Эки университет бир топ жылдан бери билим берүү, илим изилдөө, эл аралык байланыштар, академиялык мобилдүүлүк багыттарында кызматташып келет.

**ОшМУ пресс**

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# ОШМУ ТАРАБЫНАН ЖҮРӨК-КАН ТАМЫР ООРУЛАРЫН АЛДЫН АЛУУЧУ САНАРИП ПЛАТФОРМА ИШТЕЛИП ЧЫКТЫ




Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медициналык факультетинин PhD программасынын алкагында кардиолог Исабек Гуламов тарабынан «My Care» аттуу инновациялык санарип платформа иштелип чыгып, ийгиликтүү апробациядан өттү. Система жүрөк-кан тамыр ооруларын алдын алуу жана бейтаптарды көзөмөлдөөнү жеңилдетүү максатында түзүлгөн.

Telegram-бот жана мобилдик интерфейс түрүндө иштелип чыккан платформа төмөнкү функцияларды камтыйт:

—артериялык басым жана маанилүү көрсөткүчтөрдү каттоо;


—дары ичүү эскертмелери;

—жекече сунуштарды берүү;

— дарыгер менен онлайн байланыш түзүү мүмкүнчүлүгү.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча «My Care» платформасын колдонуу дарылануунга болгон туруктуулукту жогорулатып, ооруканага кайрылуу учурларын азайтаары аныкталган. Ошондой эле өнөкөт жүрөк-кан тамыр оорулары бар бейтаптарда дартты эрте аныктоого өбөлгө түзөт. Бул санариптик чечим программист Дмитрий Зюзин менен тыгыз кызматташтыкта иштелип чыккан. Ал Кыргызстандагы жүрөк-кан тамыр ооруларынын медициналык-социалдык аспектилерин изилдөөгө багытталган көп жылдык илимий ишмердүүлүктүн жыйынтыгы.

«My Care» платформасы быйыл 16-июнда Кыргызпатенке (№1012 күбөлүк менен) расмий катталган. Алдыда системаны кеңейтүү, мамлекеттик деңгээлде колдонуу жана бейтаптар арасында жайылтуу пландалууда. Бул иш ОшМУнун регионалдык медициналык мекемелер жана Саламаттык сактоо министрлиги менен болгон кызматташуунун алкагында жүзөгө ашат.



**ОшМУ пресс**

некролог



## Авазбек Асанов Раимжанович

(1953-2025)

Ош мамлекеттик университетинин доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги, көрүнүктүү окумуштуу, тажрыйбалуу педагог, мыкты уюштургуч, илим жана билим берүү тармагына зор салым кошкон Авазбек Асанов оорудан улам 72 жаш курагында дүйнөдөн кайтты.

Авазбек Раимжанович 1953-жылы 13-августта Ош облусунун Кара-Суу районундагы Кара-Согот айылында жарык дүйнөгө келген. Ал бүткүл өмүрүн билим берүү жана илим тармагына арнаган агартуучу катары белгилүү эле. 1969–1973-жылдары Ош педагогикалык институтунун (азыркы ОшМУ) физика-математика факультетин ийгиликтүү аяктап, кесиптик эмгек жолун ошол эле факультетте математика мугалими болуу менен баштаган.

1973–1978-жылдары Кара-Суу районундагы Н.К. Крупская атындагы орто мектепте математика мугалими болуп эмгектенген.

1978–1981-жылдары Ош педагогикалык институтунун педагогика факультетинде окутуучу, 1981–1984-жылдары аталган факультетте декандын тарбия иштери боюнча орун басары, 1984–1988-жылдары декандын окуу иштери боюнча орун басары болгон. 1988–1991-жылдары Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын математика институтунда аспирантурада билим алган.

1991–1993-жылдары ОшМУда улук окутуучу, 1993–1998-жылдары Теология факультетинин деканы болуп эмгек жолун улаган.

1998–2001-жылдары университетте тышкы байланыштар боюнча проректор, 2001–2003-жылдары илимий иштер боюнча проректор, 2005–2009-жылдары сырттан окуу боюнча проректор кызматтарын аркалаган. 2009–2010-жылдары Бизнес жана менеджмент факультетинин деканынын милдетин аткаруучу, 2010–2015-жылдары факультеттин деканы, 2016–2017-жылдары ОшМУнун ректорунун кеңешчиси болгон. 2017–2020-жылдары Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын башчысы кызматында иштеген. 2020-жылдан тарта өмүрүнүн акыркы күн дөрүнө чейин ОшМУнун Бизнес жана менеджмент факультетинин бизнес-информатика жана экономикадагы математикалык методдор кафедрасында доцент болуп студенттерге, жаш окутуучуларга билими, тажрыйбасы менен бөлүшүп келген.

Коомдук иштерге да активдүү катышып Ош шаардык кеңешинин эки жолку чакырылышынын депутаты болгон. Асанов Авазбек Раимжанович өмүр бою өз ишине берилген, жоопкерчиликтүү, талапчыл жана мекенчил инсан катары көптөгөн шакирттерди тарбиялап, илим-билимге зор салым кошкон. Анын артында калың элдин, кесиптештеринин жана окуучуларынын терең сый-урматы калды.

Устат агайыбыздын жаркын элеси аны менен бирге иштеген кесиптештеринин, окуткан студенттеринин, окуучуларынын жүрөгүндө түбөлүккө сакталат.

Авазбек Асанов агайдын дүйнөдөн кайтканына байланыштуу үй-бүлөсүнө, жакын туугандарына терең көңүл айтуу менен аза кайгысын тең бөлүшөбүз.

***ОшМУнун ректораты, Кесиптик кошуну, профессордук-окутуучулук жамааты, студенттер.***



***Илимпоз аялдар — бул адамзаттын илимий прогресси үчүн чакырыкка чыдамдуу жана күчтүү жамаат. Алар көп учурда дүйнөнү жакшыртуу жана келечек үчүн изденүүдө алдыңкы катарда турушат. Мындай айымдардын бири педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, математика, информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын доценти Мейликан Алтыбаева өмүрүнүн 55 жылдан ашуун убактысын билим берүүгө, илимге арнап, бир катар ири долбоорлорду ишке ашырууга катышып, ОшМУнун өнүгүшүнө салымын кошуп келет. Илимпоз айымдын өмүр жолуна назар салсак:***

# МЕЙЛИКАН АЛТЫБАЕВА - КЫРААКЫ ИЛИМПОЗ АЙЫМ

Алтыбаева Мейликан 1950-жылы 8-августта Жалал-Абад областындагы Сузак районуна караштуу Чаңгыр-Таш кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1957-жылдан айылдагы Калинин атындагы 8 жылдык мектепте, 1963-жылдан баштап Фрунзе шаарында №3- мектеп-интернатта окуган. Акыркы класстарды №1-мектеп-интернатта окуп, 1967-жылы орто мектепти бүтүргөн. Ошол эле жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин механика-математика факультетинин “математика” адистигине тапшырып, аны 1972-жылы аяктаган.

Эмгек жолун 1972-73-окуу жылында Карасуу районундагы №61-мектеп-интернатында математика мугалими болуп иштөөдөн баштаган. 1973-жылдан 2001-жылга чейин Ош мамлекеттик techинститутунда (азыркы ОшМУ) алгач окутуучу, улук окутуучу, кафедра башчы кызматтарында иштеген.

1977-1980-жылдары КМУнун алдындагы аспирантурада “Математиканы окутуунун методикасы” адистиги боюнча окуп, жүргүзгөн илимий-изилдөө иштерин 1987-жылы Алма-Ата шаарындагы Абай атындагы КазПИде кандидаттык диссертациясын коргоо менен жыйынтыктаган. 1990-2002-жылдары “Математиканы окутуунун методикасы” кафедрасын жетектеген, 2000-жылы бул кафедра университетте “Мыкты кафедра” наамын жеңип алган. Бул жылдары кафедрада усулдук иштерди өркүндөтүү жана материалдык-техникалык базаны чыңдоо боюнча чоң аракеттер жасалган.

2002-2008-жылдары ОшМУнун окуу-информациялык департаментин, 2008-2023-жылдары Аккредитация жана билим берүүнүн сапаты департаментин жетектеген. Окуу-информациялык департаменттин ишинде документтерди жүргүзүү толугу менен мамлекеттик тилге өткөрүлгөн, окутуунун модулдук-рейтингдик системасы ишке киргизилди, айрым адистиктерде пилот катары окутуу кредиттик технологиянын негизинде уюштурулган. Евробиримдиктин TEMPUS (TUNING, CANQA, EDUCA), USAIDдин “Сапаттуу билим” ж.б. долбоорлору аркылуу ОшМУга жаңы технологиялар жайылтылып, материалдык жабдуулар тартылган. Долбоорлор жана өнөктөштөр аркылуу ОшМУнун үч окуу имаратында коопсуз билим берүү чөйрөсүнүн, заманбап



техникалык каражаттар менен жабдуунун ж.б. учурдун талаптарына толук жооп берген аудиториялар түзүлгөн, 2 программа пилоттук аккредитациядан өткөн (2011-ж., 2014-ж.). Акыркы жылдары ОшМУнун институциялык аккредитациядан, 100 дөн ашуун программалардын аккредитацияланышына өтүшүнө салым кошкон.

Университеттин ар түрдүү деңгээлдеги сыйлыктары, шаардык, областтык администрациянын, министрликтин грамоталары жана КРнын “Эл агартуунун мыктысы” төш белгиси менен сыйланган. 2001-жылы КРдин Ардак грамотасына, 2021-жылы Жогорку Кеңештин Ардак грамотасына татыган. 2023-жылы “КРдин билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер” наамы ыйгарылган.

Жалпы окуу-методикалык эмгектеринин саны 80ден ашуун. Университеттин Окумуштуулар кеңешинин мүчөсү катары туруктуу жана ар түрдүү кошумча тапшырмаларды аткаруу менен университеттин окуу-тарбия, коомдук турмушуна активдүү катышып келет.

МИОТжана БМ кафедрасынын алдындагы ЖОЖдор аралык илимий семинардын ишин алып баруу менен бирге студенттерге, магистранттарга сабак берүүнү улантууда.

## ФУНДАМЕНТАЛДУУ БИЛИМИ ЖАНА КЕНЕН ЭРУДИЦИЯСЫ, КРЕАТИВДҮҮЛҮГҮ МЕНЕН ӨЗГӨЧӨЛӨНҮП ТУРАТ

Педагогика илимдеринин кандидаты, математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын профессору, Мейликан Алтыбаева быйыл 75 жашка чыкты. Ал эми илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн 55 жылдыгы белгиленип жатат. Анын ысымы математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун жана бүтүндөй Ош мамлекеттик университетинин бай тарыхы, динамикалуу учуру жана жаркын келечеги менен ажырагыс байланышта.

Алтыбаева Мейликан Алтыбаевна ОшМУнун ар кайсы түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчиси катары бай тажрыйбага ээ. 12 жыл математиканы окутуунун методикасы кафедрасын, 6 жыл окуу-маалымат департаментин, 16 жыл билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана аккредитациялоо департаментин жетектеген.

Мейликан Алтыбаевна ар дайым кыраакы акылы, фундаменталдуу билими жана кенен эрудициясы, шайырлыгы жана креативдүүлүгү менен айырмаланып келет. Жогорку кесиптик квалификациядагы кадрларды даярдоого кошкон салымы баа жеткис, көптөгөн студенттерди тарбиялап чыгарды. Алар бүгүнкү күндө республиканын мектептеринде жана жогорку окуу жайларында ийгиликтүү иштеп жатышат, көбү ар кандай бөлүмдөрдө жетекчилик кызматтарда эмгектенип жатышат. Мен да эжекенин окуучуларынын биримин, анын тажрыйбасын, билимин, берилген тапшырмаларды аткарууда кылдаттыгын өздөштүрүп алдым.

Эжекенин илимий кызыкчылыктарынын чөйрөсү жалпы билим берүүчү жана кесиптик мектептерде математиканы окутуунун методикасын, илимий изилдөөлөрдүн методикасын, педагогикалык технологияларды гана камтыбастан, билим берүү процессин уюштуруу жана башкаруу, билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу, билим берүү мекемелерин аккредитациялоо менеджментин да камтыйт. Мейликан Алтыбаевна билим берүүнүн сапатына багытталган 80ден ашуун окуу-методикалык макалалардын, усулдук колдонмолордун автору; ББИМдин грифи менен “Орто мектепте математиканы окутуу” студенттер үчүн окуу колдонмосу, “Кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжаларын долбоорлоо” китеби жана башка эмгектери басмадан чыккан.

Ал биздин республиканын, ошондой эле бүткүл постсоветтик мейкиндиктин окумуштуулук жана педагогикалык коомчулугунда татыктуу кадыр-баркка жана урматка ээ. Аны менен бирге иштешип, биз биргелешип окуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатып, ОшМУнун көптөгөн билим берүү программаларынын көз карандысыз аккредитациясынан көп жолу ийгиликтүү өттүк. Аккредитациядан өткөрүүдөгү ийгиликтери үчүн республикалык жана чет өлкөлүк улуттук көз карандысыз аккредитациялык агенттиктердин EdNet (2011), "Эл баасы" (2017), "Росаккредитагенство" эксперти (2016) наамдары ыйгарылган.

Чыныгы талантка ээ болгон адамдардын энергиясынын коруна жана чыгармачылык күчүнө жылдар үстөмдүк кылбайт. Анын күч-аракети менен республиканын жогорку окуу жайларынын илимий потенциалы жогорулап жатат. Педагогикалык жана илимий ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө түрдүү ЖОЖдордо иштеген педагогика илимдеринин 3 кандидатын өстүрүп даярдаган. Эжеке бүгүнкү күндө да активдүү илимий-методикалык ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет, Мейликан Алтыбаевна КРдин Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан каржыланган "ЖОЖ менен мектептердин кызматташтыгын жакшыртуу аркылуу компетенттүү педагогдорду даярдоо" илимий долбооруна жетекчилик кылган. Курамы республиканын 5 жогорку окуу жайынын өкүлдөрүнөн турган ЖОЖдордун илимий-методикалык семинарынын негиздөөчүсү жана жетекчиси болуу менен "Агартуу академиясы" коомдук фондунун президенти болуп саналат.

Урматтуу Мейликан Алтыбаевна, сизди Ош мамлекеттик университетинин жалпы жамаатынын атынан маарекеңиз менен чын дилимден куттуктаймын! Сизге чың ден соолук, бакыт-таалай, мындан аркы ишиңизди илимий-чыгармачылык ийгиликтер коштоп, мыкты аспиранттарды жана студенттерди өстүрө беришиңизди каалаймын!



Кудайберди КОЖОБЕКОВ

Ош мамлекеттик университетинин ректору, физика-математика илимдеринин доктору, ОшМУнун профессору.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# ДАСЫККАН МЕТОДИСТ, МОБИЛДҮҮЛҮКТҮ КАМСЫЗДАГАН ЧЫГААН ОКУМУШТУУ АЙЫМ

Мейликан Алтыбаевна жөнүндө сөз болгондо менин студенттик күндөрүм эске түшөт. 1981-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математикалык факультетинин математика адистигине тапшырып, 1985-жылы аталган институттун толук курсун артыкчылык диплому менен аяктагам. Бул аралыкта билим, тарбия берген агай-эжекелер жана ошол мезгилдеги ОшПИнин физика-математика факультети жөнүндө жылуу сезимдерим жашай тургандыгын мүмкүн болгон жагдайларда айтып жүрөмүн.

ОшМУда ээлеген ар бир кызмат ордунда Мейликан Алтыбаевна иштерди жогорку деңгээлде аткарып жүргөндүгүн көрүп турдум. Түштүккө, Ош мамлекеттик университетине "мобилдүүлүктү", "компетенттүүлүктү" Мейликан Алтыбаевна алып барды деп айтсак, аша чапкандык болбос. Сабак өтүүдө кыргыз оюндарын геометрияны окутуунун методикасында колдонуп, заманбап усулдар аркылуу көчмөндөрдүн математика сабагын студенттерге жеткирип берүүнүн мыкты жолдорун сунуштады. Окуу бөлүмүнүн башчысы болгондо, АВНди киргизип, сапат жагын жетектегенде, НААР агенттиги менен мыкты иштешти, кафедраны сактап, жетектеп келди. ОшМУнун эл аралык рейтингдерге жетишүүсүндө Мейликан Алтыбаевнанын активдүү аракетинин үлүшү бар деп эсептейм.

Кыргызстан эгемендүүлүк алган жылдардан баштап, билим берүү системасында бир топ өзгөрүүлөр жаралды. Мындай мамлекеттик деңгээлдеги өзгөрүүдө, өзүнүн педагогикалык принциптерин карманып, адамкерчиликтен тайбастан, койкоюп түптүз басып, оюн ачык айтып, ар бир иште өз позициясын сактап, бир калыпта, өзгөрбөстөн жүргөн эжекем Мейликан Алтыбаевна болду.

Мейликан Алтыбаевна - жаңылыктын жарчысы, өз предметин мыкты өздөштүргөн жана студенттерге жеткиликтүү түшүндүргөн дасыккан методист, чыгаан окумуштуу. Анын баскан жолу, эл үчүн жасаган ак эмгеги, билим берүү майданындагы ийгиликтери жана илимде салган чыйыры -артынан келе жаткан муундарга ар дайым өрнөк. Элибиздин көөнөрбөс каада-салттарын, ыймандык-маданий нарктарын сактап, гумандуулук принциптерди бекем карманып, демократиялык жолдо жаштардын рух дөөлөттөрүнүн өнүгүүсүнө өз үлүшүңүздү кошуп келе жаткандыгыңызга терең кубануу менен күбө болуп келем.

Урматтуу Мейликан Алтыбаевна, сизди кутман курагыңыз менен куттуктайм! Республикабызда жана коңшу өлкөлөрдө педагогика илиминин өнүгүшүнө өз салымыңызды кошуп, бакубат турмушта, узак өмүр сүрүшүңүздү каалайм.



Тууганбай КОҢУРБАЕВ, Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти, психология илимдеринин кандидаты, доцент.

# МЕЙЛИКАН АЛТЫБАЕВНА – ПЕДАГОГ, НАСТАВНИЦА И ДОБРЫЙ СОВЕТЧИК

Мейликан Алтыбаевна вкладывает все силы для развития нашего университета. При ее заведовании кафедрой были созданы благоприятные условия для защиты кандидатских диссертаций. Так, по ее инициативе, в 1994 г. при кафедре открыта аспирантура по методике преподавания математике, первыми аспирантами оказались я и Бактыбек Касымбаев, ныне доцент Новосибирского государственного технического универистета. Сегодня на кафедре ТОМИиОМ проводят исследования 6 аспирантов и 8 докторантов. В 2002 г. приказом ректора назначена заведующей учебно-информационным департаментом ОшГУ.

В 2014 г., в должности директора департамента аккредитации и качества образования ОшГУ, Мейликан Алтыбаевна содействовала открытию в рамках проекта TEMPUSEDUCA, на базе кафедры ТОМИиОМ, магистерской образовательной программы "Менеджмент в образовании" - единственной в вузах южного региона страны. Являясь руководителем программы, председательствует в рабочих группах по разработке образовательных стандартов и учебных планов по данному направлению, привлекает магистрантов к участию в стипендиальных программах. Программа, дважды пройдя аккредитацию независимого агентства EdNet, успешно развивается.

Со сменой акцента профессиональной деятельности в сферу управления научные интересы Мейликан Алтыбаевны все больше стали затрагивать методику проведения научных исследований и область управления различными звеньями системы образования: организацию и управление образовательным процессом, обеспечение качества образования, аккредитацию учреждений. Публикуется пособие «Проектирование результатов обучения в профессиональном образовании».

Первые в Кыргызской Республике аккредитации вузов наш университет проходил именно с ней, успешно преодолевая все этапы. В тот период Мейликан Алтыбаевна ежедневно по графику терпеливо проводила разъяснительную работу на всех факультетах университета о положениях аккредитации, требованиях к разработке учебных программ и силлабусов дисциплин. Ею были организованы курсы повышения квалификации для ППС ОшГУ и вузов соседних республик, на которых она и сегодня читает лекции, проводит тренинги по вопросам образовательного менеджмента и аккредитации.

Вернувшись на родную кафедру Мейликан Алтыбаевна ведет активную научно-методическую деятельность, руководит постоянно действующим межвузовским научно-методическим семинаром, в составе которого представители 5 вузов республики, продолжает обучать молодое поколение аспирантов вузов южного региона, ведет работу с аспирантами и магистрантами. Так, под ее руководством защищено 3 кандидатские диссертации.

Портрет моей наставницы Мейликан Алтыбаевны представляет пример весьма достойной жизни: постоянный труд на благо коллектива, всегда на шаг впереди. Мы продолжаем приходить к ней за мудрым советом, за квалифицированной консультацией по многим вопросам. Приходим, когда нам трудно, когда не знаем как поступить.

Дорогая Мейликан Алтыбаевна, от всей души выражаю глубокую признательность за ваш педагогический труд, заботу и верность кафедре. От лица всей кафедры технологии обучения математике, информатике и образовательного менеджмента, поздравляю вас с прекрасным юбилеем и желаю дальнейших творческих успехов в разносторонней профессиональной и общественной деятельности на благо процветания родного университета, всей страны. Доброго вам здоровья, счастья, благополучия!



Аида КЕЛДИБЕКОВА, заведующая кафедрой технологии обучения математике, информатике и образовательный менеджмент, доктор педогогических наук, профессор ОшГУ.

# ЖЕНЩИНА, КОТОРАЯ ВДОХНОВЛЯЕТ: РАСКАЗ О МЕЙЛИКАН АЛТЫБАЕВЕ

Наше знакомство с Мейликан Алтыбаевой произошло много лет назад — и с тех пор стало одной из тех точек в жизни, о которых думаешь с благодарностью и теплом. Это была не просто встреча по работе — это был старт удивительного пути, полного общих достижений, пронизанных глубоким уважением и настоящей человеческой дружбы.

Когда мы только начинали совместную работу, EdNet был еще совсем юным — мы буквально делали первые шаги, нащупывали путь, строили основы. И в такие периоды особенно важно найти не просто партнера, а единомышленника. Кого-то, кто разделяет ценности, верит в результат и готов идти до конца. Мне повезло: начало нашего сотрудничества с Ошским государственным университетом стало возможным благодаря прозорливости и лидерству глубокоуважаемого Каныбека Абдуваситовича, в команде которого блистала Мейликан Алтыбаева — мудрая, профессиональная, дальновидная, элегантная. Мейликан Алтыбаева не просто управляла качественными процессами в крупнейшем университете страны — она вдохновляла его жить и меняться.

Мейликан Алтыбаева продолжает оставлять за собой след уважения, открытости, умения слушать и вести за собой. Это история о женщине, которая не боится быть собой — искренней, сильной, уверенной и решительной, при этом оставаясь элегантной и женственной во всех проявлениях!

В течение многих лет EdNet и ОшГУ шли рядом, формируя новую культуру качества в образовании. И всё это время Мейликан Алтыбаева была нашей опорой, благодаря которой мы вместе смогли добиться выдающихся результатов в вопросах качества образования.

Сегодня, поздравляя Мейликан Алтыбаеву с её 75-летием, хочется сказать больше, чем просто слова благодарности. Пусть каждый новый день несёт ещё долгие-долгие годы, полные тепла, среди родных и близких, в мире идей и вдохновения. Пусть каждый новый день будет напоминать тем, что она щедро дарила другим — смыслом, теплом, красотой и уверенностью в завтрашнем дне, и четким ощущением, что каждый день — это новая жизнь, в которой в любом возрасте есть место вдохновению, силе, знаниям и мудрости из глубины своего опыта.



Онолкан УМАНКУЛОВА,

Президент Агентства EdNet.

Общественный фонд «Агентство по гарантиям качества в сфере образования «EdNet».

# *Перизат Рустамбек кызы:* КОШ ДИПЛОМДУУЛУК ПРОГРАММАСЫНДА ОКУГАНЫМ АРТЫКЧЫЛЫК БОЛДУ

***Азыркы заманда билим алуу менен гана чектелбей, өз кесибиңди терең үйрөнүү жана эл аралык деңгээлде тажрыйба топтоо өзгөчө мааниге ээ. Айрыкча жаштар үчүн чет өлкөдө окуу бул жөн гана билим эмес, дүйнө таанымын кеңейтип, тил үйрөнүү жана кесиптик чеберчиликти арттыруу мүмкүнчүлүгү болуп саналат.***

***Мындай мүмкүнчүлүктү өз жашоосунда колдонгон жаш адистердин бири Перизат Рустамбек кызы. Өзүнүн талыкпас эмгеги жана билимге болгон умтулуусу менен чоң ийгиликтерге жетишип келет.***

***Перизаттын жолун улаган жаштар үчүн бул окуя мотивация гана болбостон, максат коюп, аракет кылган адам сөзсүз түрдө жыйынтыкка жетээрин далилдей алат. Анын билимге болгон аракетин жана кош дипломдуу программа аркылуу эл аралык деңгээлде кантип мүмкүнчүлүккө ээ болгону тууралуу маектештик.***



**-Перизат өзүңүз тууралуу айтып берсеңиз?**

-Мен Ош облусунун Кара-Кулжа районуна караштуу Жетим-Дөбө айылында туулгам. 2019-жылы Таштан Суранбаев атындагы орто мектепти аяктап, ошол эле жылы Ош мамлекеттик университетинин дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетине тапшырып, 2023-жылы ийгиликтүү аяктадым.

2023-жылы билимимди жогорулатуу максатында магистратурага тапшырууну чечтим. Ошол учурда магистратуранын жетекчиси бизге ОшМУдагы кош дипломдуу программа тууралуу маалымат берип, ошол жерден бул мүмкүнчүлүк жөнүндө угуп, катышууну туура көрдүм. Ошентип, Казакстандагы Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинен билимимди уланттым. Ош мамлекеттик университетинде билим алып жатканда негизги теориялык таянычты, фундаменталдык билимди жана тил үйрөнүүдөгү негизги методдорду алдым. Ал эми Евразия улуттук университетиндеги окуу мага жаңы көз караштарды ачып, заманбап окутуу технологиялары менен таанышуумда жардам берди. Айрыкча, эл аралык деңгээлдеги илимий иштерди жазууу, жаңы методикалык ыкмаларды колдонуу жана студенттер менен иштөө тажрыйбамды байыттым.



**-Казакстанда окуп жатып кайсы предметтер же тажрыйбалар өзгөчө таасир калтырды?**

-Мен үчүн өзгөчө маанилүү болгон сабак – Multimedia Technologies. Бул сабакты окуткан мугалимдин билими, ар бир сабакты кызыктуу өткөргөн ыкмалары мага чоң таасир калтырды. Ар бир сабакты чыдамсыздык менен күтүп турчубуз. Мындан тышкары, Write Reader, Mentimeter, Padlet, Baamboozle, QuestGarden сыяктуу жаңы көптөгөн сайттар менен иштөөнү үйрөндүк.

**- Кош диплом алуу сиздин билим деңгээлиңизге жана көз карашыңызга кандай таасир берди?**

-Кош дипломдуу программа мен үчүн чоң мүмкүнчүлүк болду. Биринчиден, билим деңгээлимди жогорулатууга, жаңы педагогикалык ыкмаларды үйрөнүүгө шарт түздү. Экинчиден, ар түрдүү өлкөлөрдүн билим берүү системасын салыштырып, алардын артыкчылыктарын көрүүгө мүмкүнчүлүк берди. Ошондой эле дүйнө таанымымды кеңейтип, илимий изденүүгө болгон кызыгуумду күчөттү.

**- Окуу процессинде кыйынчылыктар болду беле? Кантип жеңдиңиз?**

- Магистрдик ишти жазууда айрым кыйынчылыктар болду. ЕНУда магистранттар магистрдик жумуштун теориялык бөлүгүн биринчи курста бүтүрүп, экинчи курста практика өткөрүшөт экен. Биз болсо ошол эле учурда теорияны да жазып, практикалык бөлүгүн да иштеп, 1-курстардын студенттерине сабак өтүп жаттык. Албетте, бул абдан жоопкерчиликтүү жана оор болду. Бирок убакытты туура пландаштырып, жетекчилерибиздин кеңешин угуп, кыйынчылыктарды жеңип чыктык.

**-Азыр ОшМУнун филология жана маданияттар аралык байланыш институтунда иштеп жатасыз. Бул жумушка кандайча кабыл алындыңыз?**

-Кош дипломдуу 1+1 программасынын алкагында Евразия улуттук университетинде окуп келгеним чоң артыкчылык болду. Ошол билим менен тажрыйба мага институтка ишке орношууга жол ачып, кесиптик жолумду ушул жерден улантып жатам. Бул жумуш мага жоопкерчилик менен бирге өзүмдү өнүктүрүү үчүн дагы кеңири мүмкүнчүлүктөрдү тартуулап жатат.

**- Кош диплом программаңыз келечекте кандай мүмкүнчүлүктөрдү ачат деп ойлойсуз?**

-Бул программа мага илимий жана кесиптик жактан чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат деп ишенем. Алдыда чет өлкөлүк тажрыйбаны улантып, эл аралык долбоорлорго катышып, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жана жаңы байланыштарды түзүүгө шарт болот. Мен ошол нерсени алдыма максат коюп, ага карата алгачкы кадамдарды таштап жатам.

**- Дагы кандай ачылбаган таланттарыңыз же хоббиңиз бар?**

-Бош убактымда жаңы тамак-аш түрлөрүн жасоого, өзгөчө улуттук жана чет элдик даамдарды үйрөнүүгө кызыгам. Андан тышкары, декоративдик буюмдарды жасоо жана үйдү кооздоо иштерине көңүл бурам. Спорт менен алектенүүм көп болбосо да, сейилдөө жана йога көнүгүүлөрү мени эс алдырып, энергия топтоого жардам берет. Бул хоббилер менин күнүмдү кызыктуу кылып, чыгармачылыгымды өнүктүрүп келет.

**- ОшМУнун студенттерине магистратура боюнча кош диплом программасына катышууга кандай кеңеш бересиз?**

-Бул программа студенттерге жаңы билимдерди алууга, башка өлкөнүн билим берүү системасы менен таанышууга жана эл аралык деңгээлде атаандашууга зор мүмкүнчүлүк ачат. Ошондой эле кесиптик чөйрөдө тажрыйба топтоого жана кеңири байланыштарды түзүүгө шарт түзөт. Мен бардык студенттердин талыкпай билим алып, алдыга чоң максаттарды коюп, ал үчүн ар күнү аракет жасоосун каалайт элем. Баары сиздердин каалооңуздардан көз каранды. Өзүңүздөргө ишенүүдөн токтобогула.

***-Перизат, пайдалуу маалыматтарыңызга ыраазычылык билдиребиз. Алдыга койгон максаттар орундала беришине тилектешпиз.***

Эске салсак учурда Ош мамлекеттик университетинде эки жыл билим алган 29 студент Казакстандагы Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинен кош дипломдуу билим берүү программасы боюнча окуусун улантып жатышат.

Ошондой эле 2025-2026-окуу жылында кош дипломдуу билим берүү боюнча магистратураны аяктаган эки студентке дипломдор тапшырылган.

Маектешкен:

ОшМУнун пресс-катчысы

Зинагул НУРАЛИЕВА.

*ОшМУнун сыймыктуу мугалимдеринин бири Адилбек Салибаев.*

***Адилбек агай 2005-жылдан тартып ОшМУда эмгектенип, спорттук иш чараларды жандандыруу максатында факультеттер аралык 1-курстардын спартакиадасын спорт клуб менен биргеликте уюштуруп, ынтымактуу, тартиптүү өткөрүп келет. Анын уюштуруу иштерине калыс жана адилеттүү мамиле жасаганы көпчүлүккө маалым.***

# АДИЛБЕК САЛИБАЕВ - МЫКТЫ УЮШТУРУУЧУ АРДАГЕР МУГАЛИМ



***Адилбек Салибаев факультетер аралык мугалимдер, эжекелер жана студенттер арасында өткөрүлгөн спартакиадаларды да калыс өткөрүүгө далалаттанат.***

***Студенттердин универсиада оюнуна даярдоо боюнча спорттун 16 түрүнөн машыктыруучулар жана жалпы окутуучулар менен эң жакшы ийгиликтерди жарата алган.***

***Атап айтсак, "Универсиада-2005, Универсиада-2006, Универсиада-2007, Универсиада-2008" спорттун 9 жана 11 түрү боюнча биринчи орунга жетишип, ОшМУнун студенттик курама командасы төрт жыл катары менен универсиада чемпиону болушкан.***

Быйыл агай 80 жаштын чайын ичип отурган убагы. Бирок, ар дайым спорт менен алектенип, маанайы жарык жургөндүктөн азыр да эмгектенип, жаштарга жол көрсөтүп жүргөн чагы. Агайдын өмүр баянына азын-оолак токтолуп кетсек:

1945-жылы 24-августа Ноокат районун Бел айылдык өкмөтүнүн "Борбаш" айылында туулган. 1953-жылы "Кенеш" жети жылдык мектебинин 1-классына окууга барган. 1963-жылы " Ю.А.Гагарин" атындагы орто мектебинин 10-классын бүтүргөн.

1964-1966-жылдары Советтик армиянын катарына чакырылып, Германияда кызмат өтөгөн.

1972-жылы кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун бүтүргөн.

1976-жылга чейин "Кенеш" орто мектебинде дене тарбия мугалими болуп иштеген.

1976-1978-окуу жылдарында Ноокат райондук элге билим берүү бөлүмүндө методист жана тренер болуп эмгектенген.

1979-2001-окуу жылдары "Кенеш" орто мектебинде окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары жана "Кеңеш" орто мектебинин директору болуп иштеген.

2001-2002-окуу жылдары Ош мамлекеттик университетинде окутуучу болуп эмгектенген.

2003-2004-окуу жылдарында Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиянын түштүк аймактык институтунда ага окутуучусу да болуп эмгектенген.

2005-жылдан тартып Ош мамлекеттик университетинде дене тарбия кафедрасынын кафедра башчысы болуп дайындалган. 2001-жылдан баштап азыркы күнгө чейин факультеттер аралык №1 дене тарбия кафедрасында доценттик кызматында эмгектенип келет.

2001-2004-жылдары Ноокат районундагы Бел айылдык кеңешинин депутаты болуп шайланган.

2004-2008-жылдары Ноокат райондук кеңешинин депутаты болуп шайланган.



***Спорттогу ийгиликтер***

Салибаев Адилбек жаштарды окутуп, тарбиялоодо көп жылдык үзүрлүү эмгектенүү менен төмөндөгүдөй сыйлыктарга жетишкен:






Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын "Ардак грамотасы", 1981-жылы Ош областык билим берүү башкармасы тарабынан жеңил автомашина менен сыйланган.

1981–жылы КРнын "Билим берүүсүнүн отличниги", 2006-жылы КРдин "Дене тарбия жанан спорттун отличниги", КРнын билим берүү жана илим министринин "Ардак грамотасы",

КРнын "Спорттун Ардагери" деген төш белгиси менен сыйланган. 2010-жылы ОшМУнун "Ардактуу ардагери" – деген наам ыйгарылган, Ош мамлекеттик университетинин "Ардак грамотасы", Ош шаардык кеңешинин "Ардак грамотасы" менен сыйланган.

Адилбек агай ОшМУнун волейбол боюнча кыз-келиндер курама командасын 2005-жылдан баштап уюштуруп машыктырган. Областтык жана республикалык мелдештерге катыштырып, алдыңкы орундарга жетишкен. Республикалык мугалимдердин Ысык-Көлдө өткөрүлүүчү ден соолук спортакиадасына 10 жыл катары менен катыштырган.

Ош областынын волейбол боюнча кыз-келиндер курама командасын 2006-жылдан уюштуруп, машыктырып, даярдап Кыргызстандын спортакиадасына 3 жолу катыштырган. Чолпон-Ата шаарында өткөрүлгөн эл аралык Ысык-Көл оюнуна беш жыл командасын катыштырган.

Салибаев Адилбек агай 1968-жылы Салибаева Марипат менен турмуш курушкан. Алар эки уул, алты кыздуу болушкан. Сегиз баланы татыктуу тарбиялап, тууруна кондуруп, 31 неберенин, 11 чеберенин таттуу күлкүсүнө бөлөнүп, бактылуу өмүр сүрүп жаткан чагы. Агайга ден соолук жана узак өмүр, бакубат турмуш каалайбыз!

***Факультеттер аралык***
***№1 дене тарбия***
***кафедрасынын жамааты.***

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Каныкей ЖОРОЕВА

**Редакциялык кеңеш:**
Н.Мапаева, Т.Алдакулов, Г.Жутанова, А.Батыралиев, Б.Оморкулов, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Османали кызы

**Фото кабарчы:** Р.Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 1300 Буюртма №1120

***ОшМУ илим-билимде гана эмес, спортто да өзүн таттыктуу көргөзүп жатат.***
***Жакында Өзгөн шаарындагы Зулпукар Ормонов атындагы спорттук комплекстин ачылышында Премьер-лиганын 18-тур оюну өттү. Анда «Өзгөн» жана «ОшМУ» командалары беттеш өткөрдү. Беттеште "ОшМУ" командасы 0:1 эсеби менен жеңишке жетти. Оюнга күбө болгон Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары - Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы Камчыбек Ташиев:***

***"Ош мамлекеттик университетинин футболчулары акыркы учурда абдан мыкты жетишкендиктерди көрсөтүүдө. Силердин оюнуңар мага жакты. Азаматсыңар, куттуктаймын. Буга чейинки оюндарда өлкөнүн мыкты деген клубдарын уттуңар. Мындан ары да мыкты оюн жүргүзүшүңөргө тилектешмин-деди.***

***Эске салсак буга чейин да команда бир нече кызыктуу оюндарды көрсөтүп келген.***

***Ал эми волейбол боюнча да кеңири сөз кылууга арзыйт. Август айында өткөрүлгөн КРнын волейбол боюнча клубдар аралык чемпионатынын жогорку лигасында балдар командасы чемпион болсо, кыздар командасынын жыйынтыктары да мыкты. Буга чейин 3 жыл катары менен жолу чемпион аталышса, быйылкы жылы күмүш медалга татышкан. Бул жатта кеңири кеп кылуу үчүн ОшМУнун Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун №2 дене тарбия кафедрасынын башчысы, доцент Бакытбек Кулуевди кепке тарттык.***



# БАКЫТБЕК КУЛУЕВ: "СТУДЕНТТЕРДИ СПОРТ ЖАГЫНАН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ОШМУ ЖАҢЫ МОДЕЛИН КӨРГӨЗҮП ЖАТАТ"



***-Агай саламатсызбы? ОшМУнун волейбол командалары тууралуу кеп кылалы. Акыркы учурда ийгиликтер арбып, республикалык оюндарда ОшМУнун балдар, кыздар командаларынын жылдызы жанып жаткандай...***

-Ооба. Акыркы 5 жылдагы ийгиликтерибиз менен мактансак болот. Айрыкча, кыздар командасы 3 жыл катары менен улуттук лигада чемпион болушту. Бул жеңиш ОшМУнун беделин спорт жагынан жогорулатып койду. Балдар командасы болсо, 2022- жыл улуттук лигада вице- чемпион, 2023- жыл улуттук лигада чемпион, 2025 -жыл жогорку лигада чемпион болду. Бир нерсени баса белгилеп кетким келет. Волейбол оюну командалык оюн. Биз ар тараптуу колдоонун жыйынтыгы менен гана бул ийгиликтерди багынттык. Ректорубуз Кудайберди Кожобеков өзү башында туруп, финансылык, моралдык колдоо көрсөтүп турду. Бул оюнчулар үчүн да, машыктыруучулар үчүн да абдан маанилүү.

***-Улуттук лигада чемпион болуу оңой эмес. Көптөгөн командадан суурулуп чыгуу, рейтингди көтөрүүдө эмнелер көбүрөөк түрткү болууда?***

-Жогоруда айтып өткөндөй эле ар тараптуу колдоо жана түзүлгөн шарттар болууда. Кесипкөй машыктыруучуларбыз да күчтүү болгондуктан, чыныгы оюнчуларды даярдап жатышат. Ошондой эле студенттерди спорт жагынан өнүктүрүүдө ОшМУ жаңы моделин көргөзүп жатат. Бул методду башка белдүү университеттер да колдонууда. Бирок, биздин окуу жайыбыз алдыда келе жатат. Дагы бир айта кетчүү жагдай технологиянын өнүккөн заманында социалдык тармактарды колдонуу менен күйөрман топтоп, жарнамалап жатабыз. Мисалы ютубка чыгарылган ар бир оюнубузду 4, 5миңден 30 миңге чейин адам көрөт. Финалдар, жарым финалдарды көргөндөр өз пикирин жазып, кийинки оюндарыбызды күтүшөт. Бул бизге дем берет. Ал эми оюнчуларга келсек алардын тамак-ашы, формалары, ден соолугу, массаж, материалдык колдоо булардын баары каражатты талап кылат. Бул маселелер жетекчилик тарабынан кынтыксыз аткарылып турат. Жалпылап айтканда ОшМУнун спортко болгон мамилеси өтө жогору. Студенттерге Кыргызстанда өзүнчө креативдүү, жаңы спорттук мейкиндикти ачып берген жалгыз окуу жай. Келечекте чоң спорттук комплексда куруу планыбызда бар. Андан сырткары машыктыруучулардын ынтымагы, оюнчулардын аракети, деңгээли баардык жактан гармонияда болгондо гана ийгилик жаралат. Биз бул нерселерди басып өтүп, ийгиликти багынтык деп сыймыктануу менен айта алабыз. Жакында Чолпон-Ата шаарында өткөн III Түрк элдеринин универсиадасында ОшМУнун Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун №2 дене тарбия кафедрасынын машыктыруучулары Кыргызстандын командасында ойногон Акматали уулу Эржигит эң мыкты диогнал чабуулчусу болсо, Таирбек уулу Эрлан машыктыруучулардын катарында оюнчуларды даярдашты. Универсиадага Кыргызстан биринчи орунду алып, III Түрк универсиаданын мыктылары аталышты. Универсиадага Казакстан, Өзбекстан өлкөлөрү катышты.



***-Эми агай өзүңүз жөнүндө да кеп козгосок. Көп жылдан бери спорт тармагында жүрөсүз, ОшМУдан сырткары да өлкөнүн түштүк аймагындагы волейболдун өнүгүшүнө салым кошуп келесиз...***



-Мен Кыргыз Республикасынын дене тарбия жана спорт академиясын бүтүргөм. Ошондон бери спорт тармагында жүрөм. Жаштайымдан эле волейбол оюнуна баш отум менен кирип кеттим. Башында байкалбаган менен убакыт өткөн сайын оор күндөрдү баштан өткөргөнүңдү сезе баштайт экенсин. Учурда спортубуз өнүгүп, талантуу жаштарыбыз көбөйүп иштеп жатканы өзүнчө ырахат туртуулайт. Айрыкча, оюндарда финалдарда сүрөөндөр, кол чабуулар, сыйлоо аземи көп күндүк чарчоонду замата кетирет. Ошол эмоциялар үчүн оюнчуларды жылдап даярдаган учурлар болот. Кудайга шүгүр ОшМУда мыкты, кесипкөй машыктыруучулар, оюнчулар көп ар дайым ишибиз ийгиликтүү жана максатыбызга жетип келе жатабыз. Андан сырткары да аракеттерди кылып, элге кызмат кылып келем. Талантуу, жаштарды көргөндө жол көргөзүп, оюндарын көргүн келет. Бул ар бир машыктыруучунун көөдөнүндөгү максаты деп ойлойм. Эл жер аралап оюндарга барганда мыкты ойногон балдарды окуу жайыбызды сунуштап, ОшМУнун командаларына тартууну көздөйбүз.

***-Сиз бул тармактан эмнеге жетиштиңиз?***

- Мен байлыкка же бийликке умтулбадым. Жүргөн жерим жаштар жана оюн болду. Топтун чабылган үнүн, сүрөөндөрдүн арасында бул дүйнөнүн түйшүгүн унутуп, оюндун кызыгына батасын. Ал эми жеңилүү ызасы да оңой эмес. Бир жерден ката кетирсең же бир оюнчуң алсыз болсо бүтүндөй команданын трагедиясы болот. Ошондуктан, бул оюн кылдаттыкты жана зиректикти, акылдуулукту талап кылат. Чабуул кайдан келээрин алдын ала билишиң керек. Менин педагогикалык стажым 30 жылга чукулдап калды. Бул жылдарда мен аспирантураны аяктап, КРнын дене тарбия жана спортунун, Билим берүүнүн мыктысы, волейбол боюнча улуттук категориядагы калысмын. Бул наамдар дагы көп жылдык эмгектин жыйындысы десем болот. Андан сырткары илим жаатында да кандидаттык дицертациямды коргоонун аракетиндемин. Ушул оюндун артында көптөгөн чет мамлекеттерде болуп, тажрыйба алмашкан учурлар болду.

***-Алдыда дагы кандай максаттар бар...***

-Эми биздин жашоо спорт болгондон кийин мыкты жаштарды алып чыгып, ОшМУнун беделин көтөрүп, андан ары эл аралык оюндарда өзүбүздү көргөзсөк деген жакшы ойлорубуз бар.

Маегиңиз үчүн рахмат.

Даярдаган: Каныкей ЖОРОЕВА.